# شرح ألفاظ الأذان

# Азан сөздөрүнүн түшүндүрмөсү

# Азан сөздөрүнүн түшүндүрмөсү

Дүйнө тилдеринде исламдык контентке кызмат кылуу коомунун илимий комитети.


# Азан сөздөрүнүн түшүндүрмөсү

Дүйнө тилдеринде исламдык контентке кызмат кылуу коомунун илимий комитети.


Азан – мусулман күнүнө беш маал уга турган Кудайдын чакырыгы. Ал Аллахтын улуктугун эске салып, адамды жакшылыкка жана ийгиликке чакырат. Ал – пенденин дүйнөнүн ызы-чуусунан оолактап, Жаратканына жалбарып, Аны менен байланышкан учуру. Азан – жөн гана намаз убагы киргенин кабарлоо эмес, ал – бейпилдикке, ыйманга жана Аллах менен болгон байланышты жаңыртууга чакырык. Азан – Аллахты улуктоо менен башталып, намазга чакыруу менен аяктаган улуу маанилерди камтыган чакырык. Анда мусулман жан дүйнө бейпилдигин табат. Азан ар бир жолу айтылганда, жүрөккө

чыныгы жашоо Аллахка жакындоо менен башталарын шыбырап турат.

## Азандын сөздөрү:

**Аллаху Акбар! Аллаху Акбар!**
**Аллаху Акбар! Аллаху Акбар!**

Мааниси:

Аллах – Улук!

«Аллах» бул улук ысым, анын мааниси – сыйынууга татыктуу Кудай. Ал – Улуу Жаратуучу Раббинин ысымы. Анын башка бардык ысымдары ушул ысымга ээрчип, Аны сыпаттап турат. Аллах – Жалгыз, Бирөө. Ал төрөбөгөн жана төрөлбөгөн. Ал асмандар менен жердин Жаратуучусу.

«Аллаху Акбар» сөзүнүн мааниси – Аллах бардык нерседен Улуу жана Анын улуулугу менен кемчиликсиздигине ылайык келбеген нерселерден да бийик.

«Аллаху Акбар» Бул сөз мусулманга бул жашоодо эч нерсе аны Жаратканынан алаксытпашы керектигин жана адам өз жашоосунда өзүнүн каалоолоруна жана кумарларына эмес, Аллахтын эркине жана

шариятына ылайык жашашы керектигин эскертет. Анткени Аллах бул дүйнөдөгү бардык нерседен Улук.

«Аллаху Акбар» сөзүн уккан уста ишин, дыйкан айдоосун, соодагер дүкөнүн, мугалим сабагын токтотот. Анткени Аллах бардык жумуш-иштерден Улуу. Мына ушундайча ишти токтотуп, ибадатка бет алуу – момундун жүрөгүндө Аллах бул дүйнөнүн бардык нерселеринен Улуу экендигине далил. Аллах ар бир балээден, кыйынчылыктан жана турмуштагы ар кандай жагдайдан Улуу. Кимде-ким буга ыйман келтирсе, кыйынчылыктарды жеңил сезип, жүрөгү тынчтанат. Анткени ал Анын тагдырына ыраазы болуп, даанышмандыгына жана башкаруусуна ишенип, Аллах менен бирге.

**Ашхаду ал-лаа илааха ил-лаллаху!**
**Ашхаду ал-лаа илааха ил-лаллаху!**

Мааниси:

Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп күбөлүк берем.

Бул – биринчи күбөлүк. Анын мааниси – Аллах бардык нерсенин Жаратуучусу, Раббиси, Падышасы жана Башкаруучусу экенин, ибадат жалгыз Өзүнө гана кылынышы керек экенин, Аллахтан башка ибадатка татыктуу эч бир кудай жок экенин, Ал жалгыз, Анын шериги да, баласы да, теңдеши да жок экенин ырастоо. Ошондуктан, Аллахтан башкага ибадат да, дуба да кылынбайт.

Бул күбөлүк – ааламдагы эң улуу күбөлүк. Ал Аллах түшүргөн бардык китептерде жана кабарларда ыймандын негизи болуп саналат. Нухтан баштап Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммадка чейинки бардык пайгамбарлар (алейхимус салам) өз коомдорун “Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок” деп ишенүүгө, аны кабыл алып, ырастоого чакырышкан. Аллах макулуктарды ушул сөз үчүн жараткан. Элчилерин ушул сөздү бекемдөө үчүн жиберген жана китептерин ал сөздү баяндоо үчүн түшүргөн. Ушул сөздү чын жүрөктөн, ыклас менен айткан адамга Аллах бейишти сыйлык кылды жана

ушул сөзгө бекем ишенген абалда өлгөн адамга тозокту арам кылды.

Ал – ыймандын ачкычы, азаптан кутулуунун эшиги, диндин өзөгү жана таухиддин негизи.

Ушул сөз үчүн адамдар кабырларынан тирилтилип, кыямат күнү эсепке тартылат. Кимде-ким ушул сөз менен жашап, өмүрүн аны менен аяктаса, ал улуу жеңишке жетет. Ал эми кимде-ким андан баш тартып, аны айтпастан өтсө, тозокто түбөлүк калууга татыктуу болот.

**Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллаах! Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллаах!**

Мааниси:

Мухаммад Аллахтын элчиси деп күбөлүк берем.

Бул күбөлүктүн мааниси — мусулмандын Аллах Мухаммадды пайгамбарлыктын мөөрү жана адамдарга Раббисинин кабарын жеткирүүчү катары жибергенине күбөлүк берүүсү. Ошондой

эле Аллахка ибадат кылуунун жана Анын ыраазылыгына жетүүнүн жалгыз жолу – бул Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, пайгамбарлыгына күбөлүк берүү, ага ээрчүү, аны үлгү тутуу жана Пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салллам, жеткирген шарият менен гана Аллахка ибадат кылуу. Жана адам Аллахка жакындоо үчүн кылган ибадатты Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салллам, жеткирбеген болсо, ал жараксыз ибадат болуп, ээсине бул дүйнөдө да, акыретте да пайда алып келбейт. Тескерисинче, ал үчүн суракка алынып, жазаланат. Анткени, ал Аллахка Анын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салллам, жеткирбеген жол менен ибадат кылды.

Бул күбөлүк Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салллам, Аллахтын кулу жана ааламдардын Раббисинин Элчиси экенине күбөлүк берүүнү өз ичине камтыйт. Ошондой эле ал — пайгамбарлардын акыркысы экенин, андан кийин эч бир пайгамбар келбесин тастыктоону да камтыйт. Мындан тышкары, ал алып келген

бардык аяттарга ишенүүнү, алардын эң улуусу — Куран экенине ишенүүнү да өзүнө камтыйт. Куран — акыркы илахий билдирүү, ал түшүрүлгөн тилинде бүгүнкү күнгө чейин өзгөртүүсүз, көбөйтүүсүз жана кемитүүсүз сакталып келүүдө. Бул Ыйык Курандын чечендигинде, өкүмдөрүндө жана туура жолго багыттоосунда теңдеши жок. Аллах Таала адамзатты ага окшош бир сүрө болсо да алып келүүгө чакырган. Бирок жылдар бою, ушул күнгө чейин адамзат андай кылуугу алсыздык кылып келет.

Бул күбөлүк Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, андан мурунку Ибрахим, Муса жана Иса, (алейхимус-салам), сыяктуу эле адамдарды таухидке кайтаруу үчүн келгенин билдирет. Ал – ааламдардын Раббисинин

Элчиси. Ал өз Раббисинин динин жеткирүүдө бардык пайгамбарлар жүргөн жол менен жүргөн. Бирок, андан кийин пайгамбар жок.

**Хаййа 'алас-солаах! Хаййа 'алас-солаах!**

Мааниси:

Намазга шашылгыла!

Түшүндүрмөсү:

Оо, момундар! Раббиңерге ибадат кылгыла. Чындыгында Ал – Кечиримдүү, Ырайымдуу. Ал тообону кабыл кылып, күнөөлөрдү кечирет.

Аллах Тааланын мусулмандар жамааты бар ар бир жерде бир инсанга чакырык жарыялоону буйруп, аларды күн сайын беш маал: «Келгиле! Раббиңерге ибадат кылууга бет алгыла!» - деп чакыруусу кандай гана улуу амал.

Бул – ыймандууларга Раббисине ибадат кылуу убактысы келгени тууралуу чакырык жана эскертүү. Алар өздөрүн алек кылган дүйнө иштерин таштап, ибадатка жүздөнүүлөрү керек. Ошондой эле колдорундагы соода-сатыкты, дыйканчылыкты таштап, Аллахка бет алуулары зарыл. Мына ушул – чыныгы

ыймандын далили жана ал дүйнөнүн бардык кызыкчылыктарынан жогору турат.

Бул – адамдарды намазга чакыруу. Ал пенде менен Раббисинин ортосундагы түз байланыш. Ал теңсиздикти жок кылып, адамдарды Раббисинин алдында тең кылган ибадат.

**Хаййа 'алал-фалаах! Хаййа 'алал-фалаах!**

Мааниси:

Кутулууга шашылгыла!

«Фалаах» – бул дүйнөдө жана акыреттеги ыраазылык, жеңиш, амандык жана кутулуу, ошондой эле түбөлүктүү бакыт жана туура жолго багытталуу.

Анын маанилеринин бири – Аллахтын ыраазылыгына жетүү, бейишке кирүү жана тозоктон кутулуу. Анткени, ким ыйман келтирип, намаз окуса, ал ийгиликке жетет. Ал эми ким ийгиликке жетсе, ал кутулуп, бейиште түбөлүк калуу менен жеңишке жетет.

Азанчы ар бир намазда момундарга тынчтык менен амандыкка, жүрөктүн бейпилдигине, рухтун тазалыгына, ошондой эле дүйнө жана акырет бактысына келгиле деп эскертет.

**Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Лаа илааха ил-лаллаах!**

Азан такбир жана таухид менен аяктайт.

Азан «Аллаху Акбар» сөзүн кайталоо жана «Лаа илааха иллаллаах» келмесин бекемдөө менен жыйынтыкталат. Бул эки сөз мурунку маанилерди бекемдейт жана адамзаттын жашоосу да ушул экөөнө негизделген. Бул – ааламдагы жана жаратылыштагы чыныгы акыйкат. Инсан аны аңдап-билсе да, билбесе да, ал жөнүндө кабары болсо да, болбосо да бул чыныгы акыйкат. Улуу акыйкаттарга айрым адамдардын наадандыгы зыян келтирбейт. Бул акыйкат – заман өтсө да, окуялар алмашып турса да өзгөрбөйт жана алмашылбайт. Ал акыйкат: Аллах бардык нерседен Улук, Аллах – акыйкат Кудай,

ибадатка бир гана Ал Өзү татыктуу жана Андан башкага кылынган ибадат жараксыз.

Бул – Аллах улук кылган нерсени улуктоого чакырык. Аллах, пайгамбарлар (алейхимус-салам) жана момундар күбөлүк берген нерсеге күбөлүк берүүгө чакыруу.

Жыйынтыктап айтканда: Азан – бул жөн гана намазга чакырык эмес, ал – кутулууга, жеңишке жана ийгиликке чакырык. Ал – жүрөктөрдү ойготуу үчүн мечиттерде күнүнө беш маал кайталанат. Аллахтын жакын экенин, жан дүйнө бейпилдиги мүмкүн экенин, кутулуу жолу намаздан жана пенденин Жаратканга болгон байланышынан башталарын эсибизге салып турат.

Андай болсо, азанчы менен бирге: «Аллаху Акбар, Аллаху Акбар, лаа илааха иллаллаах» - деп кайтала. Таухид күбөлүгүн кайталап, Аллах Өзү үчүн күбөлүк берген нерсеге жана Анын элчилери алып келген акыйкатка күбөлүк бер. Ошондо ийгиликке жеткен, таухидди карманган мусулмандардан болосуң.

Жүрөгүңдү ыйманга ачып, “Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок экенине жана Мухаммад Анын элчиси экендигине күбөлүк берем” деп айтсаң, Аллахтын ырайымына киресиң, дүйнөдө бактылуулукка, акыретте кутулууга жетесиң жана кыямат күнү момундардын катарында тирилесиң.

# Мазмуну

Азан сөздөрүнүн түшүндүрмөсү ........................................ 2

Азан сөздөрүнүн түшүндүрмөсү ........................................ 2

Азандын сөздөрү: ........................................................ 3

Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! ........................................................................ 3

Ашхаду ал-лаа илааха ил-лаллаху! Ашхаду ал-лаа илааха ил-лаллаху! ........................................................ 4

Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллаах! Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллаах! .............................................. 6

Хаййа 'алас-солаах! Хаййа 'алас-солаах! .......................... 9

Хаййа 'алал-фалаах! Хаййа 'алал-фалаах! ........................10

Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Лаа илааха ил-лаллаах! ...... 11

ky466v1.1 - 06/09/2026